# Кардарлар - Mastercard карталарынын ээлери үчүн «Мюнхендеги УЕФА финалына сенин билетиң» акциясы

1. **Глоссарий:**
   - **1.1. Карта - эсеп –** АБС жана РБС системасында Банк тарабынан Кардарга ачылган, аны Банктын кардары картанын жардамы менен тескеген банктык эсеп. Карта-эсепке картанын жардамы менен андан ары сарптоо үчүн арналган акча каражаттары чегерилет.
   - **1.2. Транзакция -** бул банктык эсептеги каражаттардын кыймылына байланыштуу операция.
2. **Жалпы жоболор**
   - **2.1.** Өткөрүлүп жаткан жарнамалык Акция кызыктыруучу лотерея болуп саналат жана кардарлардын арасында Mastercard төлөм карталарын пайдаланууну илгерилетүүгө багытталган.
   - **2.2.** Жеңүүчү ушул Эрежелерде көрсөтүлгөн шарттарды аткарууга жараша аныкталат. Жеңүүчүнүн аныктоодо кокустук принциби жокко чыгарылган (жеңүүчүнү эркин тандоону ишке ашыруучу алгоритмди колдонуу).
   - **2.3.** Акцияны уюштуруучу болуп «Элдик Банк» ААК жана Mastercard Europe SA компаниясы саналат.

3. **Акциянын максаты:**
   - **3.1.** «Элдик Банк» ААК эмитациялаган Mastercard төлөм карталары боюнча накталай эмес төлөмдөрдү жүргүзүүгө кардарларды тартуу жана кызыгуучу.
   - **3.2.** Mastercard төлөм карталары боюнча накталай эмес операциялардын көлөмүн көбөйтүү.

4. **Акцияны өткөрүү мезгили:** Негизги этап 25.02.2025-ж.-13.04.2025-ж.

5. **Акциянын катышуучулары**

   Жеке жактар – Акция мезгилинде «Элдик Банк» ААК эмитациялаган Mastercard карталары менен накталай эмес операцияларды жүргүзгөн, 18 жашка чыккан КР жарандары.

6. **Акцияга катышуу тартиби**
   - **6.1.** Акцияга катышуу үчүн Катышуучу товарларга жана кызматтарга каалаган валютада акциянын бардык мезгилинде «Элдик Банк» ААК эмитациялаган Mastercard карталары боюнча накталай эмес төлөмдү, анын ичинде интернет-төлөмдөрдү жүргүзүшү керек.
   - **6.2.** Эсептөө үчүн ийгиликтүү болгон жана СТИ түзүлүштөрүндө жана интернет-дүкөндөрдө жокко чыгарууга кабылбаган накталай эмес транзакциялар колдонулат.
   - **6.3.** Төмөнкү операциялар Акцияга катышуу үчүн эске алынбайт:
     - карта эсебине акча каражаттарын алуу/салуу.
     - кызматтар үчүн банктын кассасында төлөө, Eldik мобилдик/интернет банкингиндеги, Банктын банкоматтарындагы жана cash-in түзүлүштөрүндөгү төлөмдөр жана которуулар.
     - атайлап майдалап бөлүнгөн суммалар, мисалы: бир соода-тейлөө ишканасында 30 мүнөт ичинде, бир эле соода түйүнүндө ж.б. катары менен бир нече (1ден ашык) транзакция. Майдалоо учурунда бул транзакциялар төлөмдөрдөн көз карандысыз 1 транзакция катары эсепке алынат.
     - бир соода-тейлөө ишканасында күнүнө 3төн ашык транзакцияны жүргүзүү.

7. **Жеңүүчүлөрдү аныктоо шарттары:**
   - **7.1.** Негизги этапта жеңүүчү аныкталат:
     - Акцияны өткөрүү мезгилинде бир карта-эсеп боюнча жүргүзүлгөн транзакциялардын максималдуу саны боюнча (50дөн кем эмес транзакция), мында бүткүл мезгилдеги транзакциялардын минималдуу жалпы суммасы 50 000 сомдон кем болбошу керек. Бир гана катышуучу Акциянын Негизги этабынын жеңүүчүсү боло алат.

8. **Mastercard тарабынан Акциянын байге фонду:**

| | **Байге** | **Саны** |
|---|---|---|
| Негизги байге | Эки адамга Мюнхендеги УЕФА финалына тур | 1 |
| Кызыктыруучу байгелер | Mastercard жана UEFA брендинги менен белектер топтому | 10 |

9. **Кошумча шарттар:**

9.1. Акцияга Банктын кызматкерлери жана алардын жакын туугандары (ата-энеси, жубайы, балдары) катыша алышпайт;

9.2. Акцияга катышуу жана анын шарттарына макулдук Катышуучунун ушул эрежелердин 4, 5, 6, 7-пункттарын аткарышы менен ырасталат

9.3. Эгерде которуулардын максималдуу саны эки кардарда бирдей болсо, накталай эмес төлөмдөрдүн көлөмү максималдуу болгон кардар жеңүүчү болот.

9.4. Акцияга Mastercard картасы боюнча мурдагы Акциялардын байге ээлери катыша алышпайт.

9.5. Жеңүүчү жана анын шериги Европага Шенген визасын өз алдынча алууга тийиш.

9.6. Жеңүүчү жана анын шериги 18 жаштан улуу болушу керек.

9.7. Байгелерди алууга байланыштуу транспорттук жана башка чыгымдарды жеңүүчү өз алдынча ишке ашырат.

9.8. Байгелерди алууга байланыштуу салыктык чегерүүлөрдү Акцияны Уюштуруучу өзүнө алат.

10. **Жеңүүчүлөрдү аныктоонун жыйынтыктары:**

10.1. Жеңүүчүлөрдү аныктоо үчүн комиссия түзүлөт.

10.2. Акциянын жеңүүчүлөрүнүн курамы жыйындын протоколу менен тастыкталат.

10.3. Комиссия бир тараптуу тартипте төмөнкү чечимдердин бирин колдонушу мүмкүн:

- Акциянын шарттарына толуктоолорду же өзгөртүүлөрдү киргизүү
- Жалпысынан Банк боюнча, же конкреттүү материалдар боюнча кандайдыр бир жагдайларга жараша Акцияны белгилүү бир мөөнөткө токтото туруу же токтотуу.

10.4. Акциянын башкы жана орто аралык жеңүүчүлөрү жөнүндө маалымат Банктын веб-сайтында www.eldik.kg жайгаштырылат.

10.5. Банк жеңүүчүлөргө Акциянын жыйынтыктары жана сыйлоо салтанатынын датасы жөнүндө түздөн-түз телефон аркылуу, жеңүүчүнү аныктаган учурдан тартып 10 күн ичинде билдирет.

10.6. Байланыш маалыматтарын берүү жана берилген маалыматтардын аныктыгы үчүн жоопкерчиликти Акциянын Катышуучусу тартат.

10.7. Банк туура эмес көрсөтүлгөн реквизиттер, мобилдик оператордун жана стационардык байланыш тармагындагы ар кандай бузуктар үчүн жоопкерчилик тартпайт, бул жеңүүчүгө өз убагында кабарлабай калууга алып келиши мүмкүн.

10.8. Жеңүүчүнүн өзүнүн күнөөсүнөн улам Катышуучуга Акциядагы жеңиши жөнүндө кабарлоо мүмкүн болбогон учурда, ошондой эле жеңүүчүгө Акциянын жыйынтыктары жөнүндө билдирүү жөнөтүлгөн жана жыйынтыктар Банктын сайтында жайгаштырылган күндөн тартып 10 календардык күн ичинде жеңүүчү келбеген учурда, бул Акцияда жеңүүчү деп кийинки Акциянын катышуучусу таанылат.

10.9. Шарттарга өзгөртүүлөр же толуктоолор киргизилген, же Акцияны токтотуу жөнүндө чечим кабыл алынган учурда Акциянын Катышуучуларына Банктын корпоративдик сайтына www.eldik.kg кулактандыруу жайгаштыруу аркылуу кабарланат.

11. **Байгелерди алуу шарттары:**

11.1. Байгелер Банктын бөлүмдөрүндө тапшыруу салтанатында жеңүүчүнүн өзүнө тапшырылат

11.2. Байгени тапшыруу ишке ашырылат:

- Акциянын Негизги этабы аяктаганда 2025-жылдын 25-майына чейин

11.3. Комиссия тарабынан кабыл алынган Акциянын жыйынтыктары жөнүндө чечим бардык Катышуучулар үчүн акыркы болуп саналат жана даттанууга жатпайт.

11.4. Ушул эрежелер, ошондой эле ага карата өзгөртүүлөр аларды бекиткен учурдан тартып күчүнө кирет.

11.5. Ушул эрежелер, ошондой эле ага карата өзгөртүүлөр Банктын сайтында www.eldik.kg жайгаштырылат.